# АТА-ЭНЕ ЖАНА ОКУУЧУ ҮЧҮН КОЛДОНМО КИТЕПЧЕ

**Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Аалы Токомбаев көч. 9/1**

**Тел.: +996 0312 979 013**

**www.maarif.edu.kg**

## БИЗДИН КӨЗ КАРАШ ЖАНА МИССИЯ

Ар бир окуучу мыкты окуу чөйрөсү менен камсыздалганда өз мүмкүнчүлүгүн көрсөтө алат. Билим берүү терезеси аркылуу билимди жайылтуу ниети менен Түркия Маариф Фонду (TMF) коом үчүн эмоционалдык интеллектти жогору жана коомго пайдалуу инсандарга сапаттуу билим берүү максатында “Маариф” билим берүү комплексин сунуштайт.

Маданий эстетикалык, социалдык жана адеп-ахлактык баалуулуктар, өзү жана коом үчүн жоопкерчиликти сезүү академиялык жана кесиптик жетишкендиктин ажырагыс бөлүгү деп эсептелинет. Бул колдонмонун максаты бала үчүн “**Үй-бүлө-окуучу-мектеп”** биргелешкен жана изилдөөгө негизделген окуу чөйрөсүн тандоого, анын моралдык, этикалык, академиялык жана профессионалдык ийгилигин камсыз кылууга түрткү берүү.

“Маариф” билим берүү комплекси балдардын сынчыл ой жүгүртүү жөндөмүн, чыгармачылыгын жана терең кызыгуусун жогорулатып, алган билимдерин жашоодо колдонуууга мүмкүндүк берет.

Мектепте ата-энелер үчүн окуу планы боюнча атайын маалымат жыйындары, ошондой эле ата-энелер конференциялары уюштурулат, жолугушууларда ата-энелер балдарынын жетишкендиктерин мугалимдер менен талкуулай алышат.

### НЕГИЗГИ МАКСАТТАР :

- Кызматташтык жана координациялоо менен бүткүл дүйнө боюнча колдонула турган, алгылыктуу жана адаптацияланган мыкты тажрыйбаларга негизделген билим берүү системасын иштеп чыгуу;
- Жергиликтүү баалуулуктарды жана маданиятты сактоого басым жасоо жана окутуу түзүмүн иштеп чыгуу, ишке ашыруу;
- Баалуулуктарга негизделген окутуу системалары аркылуу жеткиликтүү жана сапаттуу билимди камсыз кылуу;
- Артыкчылык, ачык-айкындуулук жана жакшылык кылуу каалоосу менен түзүлгөн өзүн-өзү актай алган институттарды долбоорлоо, колдоо жана өнүктүрүү;

- Жоопкерчиликтүү, физикалык, руханий жана акыл-эс жактан тең салмактуу инсан болуп чыгуунун натыйжасында моралдык, маданий жана инсандык баалуулуктарды эске алган, билимдүү, критикалык жана аналитикалык көндүмдөргө ээ инсанды өстүрүү;
- Келечек муундар үчүн бейпил жашоого ылайыктуу дүйнөгө алып баруучу жергиликтүү адеп-ахлактык жана негизги баалуулуктар менен социалдык, илимий баалуулуктарды сактаган жемиштүү жана сезимтал адамдардын тизмесин көбөйтүү.

## КЕЛЕЧЕКТЕГИ ДОЛБООРЛОР:

Көндүмдөрдү өнүктүрүү боюнча тренинг-семинарлар, воркшоптор окуучулар, мугалимдер жана ата-энелер үчүн мүмкүнчүлүктү жогорулатуу боюнча жолугушуулар, атайын **үй-бүлө-окуучу-мектеп** үчүн биргелешкен окуу чөйрөсүн түзүү үчүн өткөрүлөт. Тренингдерди тандалган мыкты адистер өткөрөт.

**“Үй-бүлө - мектеп” өнөктөштүгү.** Ата-энелер билим берүү долбоорлорунда максат-мүдөөлөрүн бириктиришет. Ата-энелерге баланын (балдарынын) академиялык жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө көз салуу үчүн түз жана интеграцияланган платформаны, ошондой эле мекеменин өзүн баалоочу анализи менен камсыз кылат.

**Окуучулар үчүн басма борборлор.** Мектептин басма борборлору окуучуларга таланттарын жана жөндөмдөрүн таануу жана колдонуу үчүн эң сонун аянтчаны камсыздайт. Окуучулардын чыгармачылык идеялары (сүрөттөрү, көркөм сүрөт жана фото, ырлар жана макалалар, эссе жана адабий чыгармалар) ай сайын маалымат бюллетенине жарыяланат.

**Чет тил курстары**. Тил – баарлашуу каражаты. Бул биздин маданий баалуулуктарды жана каада-салттарды билдирүүчү курал болуп саналат. Тил– улуттук өзгөчөлүгүбүздүн жүзү. Жакынкы келечекте эки тараптуу достук мамилелер үчүн жергиликтүү (кыргыз, орус) жана чет тил курстары (түрк, англис ж.б. суроо-талапка жараша) сунушталат.

**Карьерага көз салуу системасы жана жумушка орношторуу порталдары.** Мектептин бүтүрүүчүлөрү карьера боюнча кеңеш берүү жана жумушка орношуу

порталдары  аркылуу, келечектеги  кесиби үчүн эң ыңгайлуу багыттарды табууга жардам алышат.

**Окуу пландарын, программаларын иштеп чыгуу бөлүмү.** Улуттук жана эл аралык стандарттарга толугу менен шайкеш келген окуу пландары иштелип чыккан.

## “МААРИФ” БИЛИМ БЕРҮҮ КОМПЛЕКСИ ЖӨНҮНДӨ

«Маариф» билим берүү комплекси 2021-жылдын сентябрь айында окуучулар үчүн эшигин ачып. Кыргызстан деп аталган кичинекей, тоолуу өлкөнүн борбору Бишкек шаарында жайгашкан «Маариф» билим берүү комплекси өлкөнүн жана дүйнөнүн келечектеги лидерлерин тарбиялоо жана калыптандыруу үчүн талыкпай эмгек кылат.

Балага билим, тарбия берүү үчүн «Маариф» билим берүү комплексин тандоонун пайдасы көп жана актуалдуу. Мектеп баланын өмүр бою үзгүлтүксүз окуусу үчүн пайдубал курган уникалдуу билим берүү тажрыйбасын сунуштайт. Мектеп сабакка кызыгуу менен катышууну колдойт жана ар бир бала, кандай гана билим болбосун, үйрөнө ала тургандыгын билет. «Маариф» билим берүү комплекси анын акыл-эс, физикалык жана эмоционалдык ар тараптуу өнүгүүсүнө, билим берүүгө өзгөчө көңүл бурат.

Мектептин мугалимдик курамы профессионалдык жактан жогорку квалификациялуу жана тажрыйбалуу, позитивдүү болгондуктан, окуучулар эң жакшы натыйжаларды ала алышат.

Окуу планында кыргыз, орус, англис, түрк тилине толук кандуу кирүү сунушталат. Окуучулар бул тилдерде сүйлөөчүлөр катары окутулат жана алардын тил жөндөмдөрү боюнча абдан ийгиликтүү көрсөткүчтөргө ээ болушат.

Окуучулар класстан тышкаркы ийримдерге катышууга мүмкүнчүлүк алышат. Бул окуучулардын табигый жөндөмдөрүн же алар өнүктүрүүнү каалаган таланттарын жогорулатууга багытталган.

Мектептин окуучулары коопсуз чөйрөдө,кесипкөй даярдалган мектеп психологу  жана кампустагы кызматкерлер аркылуу балдардын коопсуздугун коргоону үйрөнүшөт. «Маариф» билим берүү комплекси коопсуздукка  олуттуу мамиле  кылат жана иштегендердин бардыгы кеңири текшерүүдөн өтүшөт.

“Маариф” билим берүү комплекси  бул :

• Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин лицензиясы;

- Кембридж эл аралык мектеби;

Бул программалар аркылуу «Мaариф» билим берүү комплекси окуучулар үчүн кызыктуу жана эффективдүү билим берүү тажрыйбасын сунуш кыла алат.

## МЕКТЕП КҮНҮНҮН УБАКТЫСЫ

Ата-энелер балдарын мектепке эртең мененки саат 7:45ке чейин алып келүүлөрү керек. Сабактар 8:00дө башталып, 17:05те аяктайт.

Окуучулар саат 17:05те сабактардан кийин дароо кечикпестен мектептен алынуусу керек.

Эгерде ыйгарым укуктуу камкорчулар болбосо же уруксат формасына кол коюлбаса, мектеп мугалимдери жана коопсуздук кызматкерлери, окуучуларды мектептен чыгуусуна ЖОЛ БЕРБЕЙТ.

## КОНОКТОРДУН КЕЛҮҮСҮ

Бардык окуучулардын камкорчулары, коноктор жана камсыздоочулары мектепке негизги кире бериштен гана кире алышат. Окуучулардын жана кызматкерлердин ыңгайлуулугуна жана коопсуздугуна кепилдик берүү үчүн ар бир келген адам дарбазадан өткөрүүгө уруксат берген коопсуздук кызматкерлерине ID картасын көрсөтүүсү керек. Коноктор коопсуздук кызматкерлердин коштоосунда кабыл алуу бөлмөсүнө киргизилет. Биздин кабылдама кызматкери тарабынан конокторго уруксат кагаздары берилет.

Эгерде ата-эне жолугушууга жазылууну кааласа, анда мектептин веб-сайтындагы форманы толтуруу же (+996) 312 979013 телефону аркылуу чалуу керек. Эгерде ата-эне ошол эле күнү же андан кийинки күнү жолугушууну кааласа, кеңсеге түз телефон чалуу аркылуу кайрылуу керек.Мектеп мүмкүн болушунча ата-эненин муктаждыктарына жооп берүү үчүн бардык аракетти жасайт. Ата-эненин өтүнүчүн алгандан кийин,жооптуу кызматкер жолугушуунун чоо-жайын ырастоо үчүн байланышат.

## КАТЫШУУ, САБАК КАЛТЫРУУ ЖАНА МЕКТЕПТЕН ЧЫГУУ ПРОЦЕДУРАЛАРЫ

Окуучулар эртең мененки саат 8:00гө чейин класста болуусу күтүлөт. Окуучулар эртең мененки саат 8:00дөн кийин белгиленет.

Мектепке келбей калган учурда, бул тууралуу кабарлоо абдан маанилүү. Окуучунун мугалимдери кабардар болушу үчүн, ата-энелер баланын аты-жөнүн жана классын көрсөтүп, мектепке телефон чалып, билдирүүсү зарыл. Бул тууралуу биринчи кезекте мектеп администрациясы кабардар болушу керек.

Окуучулардын коопсуздугу үчүн окуу күнүнүн ичинде бир дагы окуучу камкорчусуз же ыйгарым укуктуу өкүлүсүз мектеп имаратынан чыгып кетүүгө болбойт.

## УБАКТЫЛУУ САБАККА КАТЫШПОО

Эгерде бала 2 күндөн ашык ооруп, сабакка барбаса, мектеп дарыгерине ооруну жана ичип жаткан дары-дармекти көрсөткөн медициналык маалымат каты талап кылынат. Бул мектеп дарыгерине баланын ден соолугун көзөмөлдөөгө жардам берет.

## ШАРТТУУ САБАККА КАТЫШПОО

Окуучулардын жалпы ден соолугу үчүн, катуу оорудан же жугуштуу оорудан (мисалы, кызамык, суу чечек сыяктуу) сакайган учурда, мектеп дарыгери баланы толук айыгып кеткендигин тастыктаганга чейин үйдө болушу керек. Сабактарга катышууга мектептин дарыгери баланы текшергенден кийин гана уруксат берет.

## САБАККА КАТЫШПООГО БАЙЛАНЫШТУУ БАЛДАРДЫН ЖЕТИШҮҮСҮ

Башталгыч класстын окуучулары жетишпеген темаларын толуктап өтүшөт. Ар бир класста мугалим балага керектүү бардык жардамды жана колдоону көрсөтөт.

Жогорку класстагы окуучулар сабакка келбей калган учурда аткара албай калган жумуштарын бүтүрүү жоопкерчилигин өздөрү алышы керек. Алардын милдети аткарылбай калган тапшырмаларды же жумушту алуу жана мугалимдер

менен ишти талкуулоо, аны мүмкүн болушунча тезирээк тапшыруу үчүн ылайыктуу убакытты сүйлөшүү зарыл.

## БИРДИКТҮҮ ФОРМА САЯСАТЫ ЖАНА ДРЕССКОД

“Маариф” билим берүү комплексинин бардык окуулары мектеп формасы менен гана келүүгө милдеттүү. Мектеп формасын мектептен сатып алса болот.

## БИРДИКТҮҮ ФОРМА ЖАНА ДРЕССКОДГО КАРАТА КОШУМЧА ТАЛАПТАР

Форманын расмий беренелеринен тышкары, төмөнкү талаптар аткарылышы керек:

- ***Татуировка:***жуулучу татуировкаларга жол берилбейт;

- ***Макияж:*** окуучулар мектепке макияж, эрин боёгуч, тырмак боёгуч, тушь ж.б. менен келүүгө болбойт. Мектеп тарабынан белгиленген эрежелер сакталбаган учурда, мектеп окуучуга карата Уставка ылайык чечим чыгара алат;

- ***Зер буюмдар:*** окуучулар кичинекей сөйкөлөрдү тагынышы мүмкүн. Алар шакек, чынжыр, билерик, брошь, төөнөгүч, тумар ж.б. тагынбашы керек.Эгерде окуучу мектепке ушул сыяктуу зер буюмдарды тагып келген учурда, буюмдар жоголсо, мектеп жоопкерчиликтүү болуп эсептелинбейт. Мектеп тарабынан белгиленген эрежелер сакталбаган учурда мектеп окуучуга карата дисциплинардык инструкцияга ылайык чечим чыгара алат;

- ***Свитерлер, толстовкалар жана флистер:*** имараттын ичинде жана мектеп саякаттарында уруксат берилген форманы, толстовкаларды, свитерлерди же курткаларды гана кийүүгө болот. Администрация өзүнүн каалоосу боюнча сырткы кийимди ылайыксыз деп таап, окуучулардан башка кийимди кийүүсүн талап кыла алат;

- ***Бут кийим:*** Эч кандай дөңгөлөктүү, жарык берүүчү, тумшугу ачык, аркасы ачык бут кийимдерди мектеп аянтчасында же мектеп саякаттарында кийүүгө болбойт. Жаан-чачын учурунда мектепти таза кармоо максатында, балдарга ыңгайлуу болуу үчүн алмаштырылуучу жеңил бут кийим менен келүү сунушталат;

- ***Чач:*** окуучулардын чачы ар дайым тыкан болуусу керек. Эгерде окуучу хиджаб кийсе,хиджаб мектеп формасы менен шайкеш болушу зарыл;

- ***Чач аксессуарлары:*** кыздарга жөнөкөй чач аксессуарларын кийүүгө уруксат берилет, бирок мектеп окуучудан “өзүнө көңүл бурдурат” деп эсептеген аксессуарларды чечүүнү талап кылууга укуктуу. Мектеп администрациясынын алдын ала уруксатысыз мектеп аянтчасында, же мектеп саякаттарында баш кийимдерди кийгенге болбойт.

## ОКУУЧУЛАРДЫН ЖҮРҮМ - ТУРУМ КОДЕКСИ

**Жалпы жүрүм-турум эрежелери:**

1. Окуучу мектепке сабак башталганга 15 мүнөт калганда келет: таза, тыкан жүрүп, сырткы кийимдерин, баш кийимин чечет, сабакка бардык керектүү окуу куралдарын даярдайт.Алмаштырылуучу жеңил бут кийим кийүүсү сунушталат;
2. Мектепке мобилдик телефон алып келүүгө болбойт.Окуучулар телефон менен кармалса дисциплинардык жазага тартылат;
3. Окуучу мектеп программасында белгиленген мөөнөттө үй тапшырмасын аткарууга милдеттүү;
4. Класска бардык керектүү окуу китептерин, дептерлерди, окуу куралдарын, жазуу материалдарын алып келет;
5. Мектептин аймагына курал-жарактарды (анын ичинде бычактарды), жарылуучу, күйүүчү заттарды эч кандай максатта жана эч кандай жол менен колдонууга болбойт; алкоголдук ичимдиктер, тамекилер, тамеки буюмдары, дары-дармектер, башка мас кылуучу заттар ж.б;
6. Мектептин аймагында тамеки жана тамеки буюмдарынын башка түрлөрүн тартууга тыюу салынат;
7. Сагыз, оюнчуктар жана уюлдук телефондор сабакка киргизилбейт;
8. Уятсыз сөздөрдү жана жаңсоолорду колдонууга тыюу салынат;
9. Мектеп окуучулары мугалимдердин жана мектеп жамаатынын кадыр-баркын сыйлашы керек;
10. Физикалык күч колдонуу, коркутуу жана кордоо, адамды кемсинтүү аракети, улутуна же рассасына карап басмырлоо жүрүм-турумдун кабыл алынгыс формалары болуп саналат. Мектеп бул жорукту катуу айыптайт. Мындай учурларда мектеп тарабынан жеңилдетүү каралбайт;

11. Окуучулар мектептин мүлкүнө кам көрүшөт, өздөрүнүн да, башкалардын да мүлкүнө аяр мамиле кылышат, мектептин аймагында тазалыкты жана тартипти сакташат.Мындай учурларда келтирилген зыяндын орду толтурулат;
12. Бардык окуучулар өздөрүнүн физикалык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша мектепти жана мектептин айланасын көрктөндүрүү боюнча иш-чараларга катышышат;
13. Окуучулар менчикке эч кандай зыян келтирбеши керек. Мектептеги китептер, кийимдер жана башка жеке буюмдар алардын ээлерине таандык. Башка адамдардын буюм-тайымдарын тартып алган окуучуларга тартиптик жаза колдонулат;
14. Жоголгон, же унутулган буюмдарды тапкан окуучулар аларды администрацияга, же нөөмөтчү мугалимге тапшырышат;
15. Мугалимдердин, же администрациянын уруксатысыз белгиленген убакта мектептен чыгууга болбойт. Мектептен мугалимдин, же администрациянын эскертүүсүн көрсөтүү менен кете алат;
16. Окуучу сабакка келбеген учурда, класс жетекчисине дарыгердин сабакка келбей калган себебин көрсөткөн маалым катын көрсөтүүсү сунушталат.

**Класстагы жүрүм-турум:**

1. Мугалим класска киргенде окуучулар ордунан туруп мугалим менен учурашат. Ошол сыяктуу эле, окуучулар сабак учурунда класска кирген улуулар менен учурашышат;
2. Ар бир мугалим өз класстарында окуучулардын жүрүм-турум эрежелерин аныктай алат. Бул эрежелер эч кимдин кадыр-баркына шек келтирбеши керек;
3. Сабак учурунда ызы-чуу салууга, өз алдынча алаксып, башка классташтарын сабакка тиешеси жок сүйлөшүүгө, оюндарды жана башка нерселерди кылууга азгырууга болбойт, анткени бул башкалардын зарыл билим алуу укуктарын бузат;
4. Сабак учурунда окуучулар мектеп жабдууларын пайдаланууга укуктуу, алар сабактан кийин мугалимге кайтарып беришет. Ага кылдаттык менен мамиле кылуусу зарыл;
5. Эгерде окуучу мугалимге суроо бергиси келсе, же мугалимдин суроосуна жооп бергиси келсе, колун көтөрөт;

**Окуучулардын сабакка чейинки тыныгуулардагы жана сабак аяктагандан кийинки жүрүм-туруму.**

*Тыныгуу убагында окуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:*

1. Жумуш ордунда тазалыкты жана тартипти сактоого;
2. Мугалимден сурап класстан чыгууга;
3. Мугалимдин талаптарына баш ийүүгө;
4. Тыныгуу убагында окуучулар коопсуздук үчүн тыюу салынган жерлерден тышкары (жер төлө, ашкана, физика жана химия лабораториялары) мектеп ичинде ээн-эркин жүрө алышат;
5. Тыныгуу убагында окуучуларга бири-бирин түртүүгө, буюмдарды ыргытууга жана физикалык күч колдонууга тыюу салынат;
6. Тыныгуу учурунда окуучуларга администрациянын уруксатысыз мектептен чыгууга тыюу салынат;
7. Терезелерди уруксатсыз ачууга, терезе жээктерине отурууга катуу тыюу салынат;
8. Тыныгуу учурунда окуучулар тепкичтерге, терезе тешиктерине жакын же оюнга жараксыз башка жерлерге чуркоодон качышы керек;
9. Нөөмөтчү класс, нөөмөтчү мугалимге танапис учурунда тартипти сактоого жардам берет.

**Окуучулардын ашканадагы жүрүм-туруму:**

1. Окуучулар ашканада тамактануу учурунда өзүн адептүү алып жүрүүлөрү керек;
2. Окуучулар ашкананын кызматкерлерин урматташы керек;
3. Тамак ичип жатканда, тамактанып жаткандардын тынчын албаш үчүн катуу сүйлөбөшү керек;
4. Окуучулар тамактангандан кийин столду тазалап, идиш-аягын жыйнап, отургучтарды ордуна коюшат;
5. Окуучулар мектептин ашканасынын мүлкүн жакшы карашат.

**Класс боюнча нөөмөтчүнүн милдеттери:**

1. Класска нөөмөтчүлөр класс жетекчи тарабынан дайындалат;

2. Нөөмөтчүлөр мугалимге классты кийинки сабакка даярдоого жардам беришет, классты тазалоо үчүн колунан келгендин баарын жасашат;
3. Тыныгуу учурунда нөөмөттөгү окуучу (окуучулар) классты желдетишет, мугалимге кийинки сабак үчүн окуу материалын даярдоого жардам беришет жана мугалимдин талабы боюнча дептерлерди бөлүштүрүшөт.

*Нөөмөтчүнүн милдеттерине төмөнкүлөр кирет:*

1. Мектептин аларга бекитилген аймактарында тазалыкты жана тартипти камсыз кылууга;
2. Мугалимдерге жана мектеп администрациясына окуу-тарбия процессин уюштурууда зарыл жардам көрсөтүүгө;
3. Күн сайын сабактар аяктагандан кийин нөөмөтчүлөр өздөрүнө бекитилген класстарын иретке келтирип, класс жетекчиге же нөөмөтчү администрацияга өткөрүп беришет;
4. Окуучулар тарабынан тартип бузууларга бөгөт коюуда нөөмөтчү физикалык күч колдонууга укугу жок.

## МЕКТЕП САЯКАТТАРЫ

Саякаттарга катышуу үчүн камкорчунун жазуу түрүндө уруксаты талап кылынат. Мугалимдер ар бир саякаттан мурун камкорчуларга саякат эскертмелерин жөнөтүшөт.Окуучуларды камтыган мектеп тарабынан каржыланган бардык саякаттарда мектеп кызматкерлери окуучуларды тийиштүү түрдө көзөмөлгө алынышын камсыздайт. Саякаттарга барган учурда мектеп формасын кийүү талап кылынат.

## МЕКТЕП АШКАНАСЫ

Мектеп окуучуларды жумасына беш күн пайдалуу эртең мененки, түшкү жана жеңил тамак менен камсыз кылат.

Ашканада жүрүм-туруму үчүн күтүүлөр төмөнкүдөй:

- Тамакты ашканада гана жеш керек;
- Гигиеналык талапка ылайык бардык окуучулар тамактанаар алдында колдорун жуушат;
- Окуучулар тамак алуу үчүн кезекке турушу керек;

- Окуучулар нөөмөтчү мугалимдин бардык көрсөтмөлөрүн урматтоо менен аткарышы керек;
- Ар бир окуучудан дасторкон үстүндө жакшы мамиле күтүлөт;
- Ар бир окучу тамактануучу жайды тазалоого жооптуу;
- Окуучу, өзгөчө башталгыч класстардын окуучулары, класс жетекчи тарабынан чыгарылмайынча отуруп тамактанышы керек;
- Эртең мененки жана түшкү тамак 25мүнөт;
- Окуучу мектеп ашканасында берилген тамакты жегиси келбесе, мектеп жоопкерчиликке тартылбайт.

## БИЛИМДИ БААЛОО СИСТЕМАСЫ

«Маариф» билим берүү комплекси баалоону окутуу жана окуу процессинин маанилүү компоненти катары тааныйт. Мектептин баалоо программасы окуу максаттарын колдоого жана окуу планы боюнча окуучулардын окуусун оптималдаштырууга багытталган.

«Маариф» билим берүү комплексинин стандарттарына жана практикасына, ошондой эле мектеп миссиясына ылайык баалоо процедураларынын системасын ишке ашырат. Бул система билим берүүнү баалоо боюнча улуттук жана жергиликтүү документтерге шайкеш келет.

**Баалоо системасы**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **А** | **5** | **85-100** | Окуучунун окуусу жана жетишкендиктери предметтердин(тесттин)тапшырманын жарыяланган максаттарынан алда канча ашат жана окуучунун иши өзүнүн компетенттүүлүгүнүн жана инновациясынын жогорку деңгээли менен ырааттуу түрдө айырмаланат. |
| **Б** | **4** | **70-84,99** | Окуучунун окуусу жана жетишкендиги курстун(тесттин)тапшырманын жарыяланган максаттарында күтүлгөндөн ашып кетет жана окуучунун иши көбүнчө түшүнүү, өнүктүрүү жана инновациялык эксперименттин өзгөчө терендиги менен мүнөздөлөт. |
| **В** | **3** | **55-69,99** | Окуучунун окуусу жана жетишкендиктери предмет боюнча жарыяланган максаттарга негизделген курстун (тесттин) тапшырманын минималдуу өтүү жетишкендиктери менен аткарылды. |
| **Г** | **2** | 45-54,99 | Курстун(тесттин)тапшырманын жарыяланган максаттарынын негизинде окуучунун окуусу жана жетишүүсү жетиштүү түрдө чечилген эмес же аткарылган эмес. |

**Класстар боюнча бөлүнгөн чейректи жыйынтыктоочу категориялар**

**2-11-класстар үчүн**

| |
|---|
| Предмет боюнча билимдери |
| Бөлүмдөр боюнча текшерүү жумуштары |
| Долбоордук тапшырмалар |
| Жүрүш-турушу, тарбиясы |
| Чейректик сынак |

Окуу жылы төрт чейрекке бөлүнөт. I, II жана III чейректерде ар бири окуучулардын ошол мөөнөттөгү билимдери текшерүүчү ички этап экзамени менен аяктайт. IV мөөнөттүн экзамендери да ички жана жыйынтыктоочу болуп саналат, алар окуу жылында окулган бардык темаларды камтыйт.

Окуучуларды баалоо аяктап, санариптик же болбосо жазуу түрүндө отчеттор ар бир кварталдын аягында камкорчуларга берилет. Камкорчулар чейрек аягында окуучунун жыйынтыктарын талкуулоо үчүн камкорчулар конференцияларына чакырылат. Бардык окуучулардан окуу жылынын башында,бардык предметтерден диагностикалык тесттер алынат.

Жогорку класстын окуучулары зарыл болгон учурда, экзамендерди оңдоого укуктуу болушу мүмкүн.

1-2-класстын окуучулары чейректик экзамендерди тапшырышпайт.2-класстын экинчи жарым жылдыгынан тарта баалоо системасына кошулат.

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

Окуучулар мектепте өз алдынча окуу учурунда үй тапшырмаларын аткарышы керек. Баладан ар жума күнү үй тапшырмасынын аткарылышы күтүлөт. Бул чейректик баасына таасир этет. Үй тапшырмасы класста үйрөтүлгөн түшүнүктөрдү жана көндүмдөрдү бекемдөөгө арналган тапшырмалардан жана көнүгүүлөрдөн турат. Камкорчулар мектептин электрондук тиркемеси аркылуу жарыяланган тапшырмаларды көрө алышат.

## ТАРТИП САЯСАТЫ

Жүрүм-турум окуучунун академиялык, социалдык жана психикалык өнүгүүсүн чагылдырат. Мектеп окуучуларынан ар дайым жагымдуу окуу чөйрөсүнүн маданиятын, каада-салттарын жана ишенимдерин чагылдырып турган жүрүм-туруму күтүлөт. «Маариф» билим берүү комплексинин администрациясы жана кызматкерлери бул максатка жетүү үчүн ата-энелердин колдоосуна жана кызматташтыгына таянган жүрүм-турумдун позитивдүү моделдерин кубаттоо, бекемдөө жана терс жүрүм-турум үлгүлөрүнө бөгөт коюу маанилүү деп эсептешет.

Окуучулардын жүрүм-турумунун деңгээли жана үлгүлөрү: күтүлгөн натыйжалардын формалары:

| | |
|---|---|
| **Биринчи деңгээл:**<br>**Туура эмес жүрүм-турум административдик жолдомосуз чечилет.** | |
| ***Окуучулардын жүрүм-турумунун деңгээли жана үлгүлөрү:*** | ***Күтүлгөн натыйжалардын формалары:*** |
| Тартипсиздик.<br>Майда баш ийбестиктер.<br>Бирдиктүү мыйзам бузуулар.<br>Окуудан тышкары убакта электрондук аппаратты к олдонуу же ээ болуу.<br>Сабакка кечигип келүү. | 1. Камкорчулар менен байланышуу.<br>2. Оозеки / жазуу жүзүндөгү сөгүш.<br>3. Класста жаңы орун дайындоо.<br>4. Башка бөлмөдө иштетүү.<br>5. Бирдиктүү тартип бузуулар үчүн - кызматка жөнөтүлөт.<br>6. Электрондук түзүлүштөр үчүн - конфискациялоо. |
| **Экинчи деңгээл:**<br>**Администрацияга кайрылууга алып келген туура эмес жүрүм-турум.** | |
| Кайталануучу 1-деңгээлдеги укук бузуулар.<br>Класста, автобуста, же мектепте жүрүм-турумунун начарлыгы.<br>Баш ийбестик.<br>Уятсыз материалдар/басылмалар.<br>Мектептен уруксатсыз чыгуу же кирүү.<br>Документтерди жасалмалоо.<br>Сабактан качуу, же ашыкча келбей калуу.<br>Туура эмес физикалык байланышка баруу.<br>Уятсыз же кемсинткен сөздөр.<br>Кумар оюндары. | 1. Камкорчулар менен байланышуу.<br>2. Класстан чыгаруу.<br>3. Класстан тышкаркы артыкчылыктарды алып салуу.<br>4.Мүлктү конфискациялоо.<br>5.Мектептен же түшкү тамактан кийин ар кандай узактыкта кармоо.<br>6. Туура эмес жүрүм-турумуна жана оордугуна жараша 3-деңгээлге чейин көтөрүлүшү мүмкүн. |

| | |
|---|---|
| Жараат алып келиши мүмкүн болгон агрессивдүү оюн.<br>Электрондук же уюлдук аппаратка ээ болуу. | |
| **Үчүнчү деңгээл:**<br>**Кыска мөөнөттүү токтотууга алып келген тура эмес жүрүм-турум.** | |
| Окуучунун кадимки класста же кампуста болушу окуучуга же башкаларга физикалык зыян келтирүү коркунучу бар экендиги аныкталса.<br>Окуучу мектептин мурда билдирилген стандарттарын бузган олуттуу, же туруктуу тартип бузууга барса, окуучулар менен болгон жүрүм-туруму убактылуу токтотулушу мүмкүн. | Узак мөөнөткө окуудан четтетүү жөнүндө үй-бүлөсүнө билдирилбесе, окуучу беш күндөн ашпаган мөөнөткө окуудан четтетилет. Убактысы мектепке келбеген учурга кошулат.<br>Камкорчулар менен милдеттүү жолугушуу өткөрүлөт.<br>Оордугуна жараша 4-деңгээлге көтөрүлөт. Кырдаалга жараша окуучу мектептен чыгарылышы мүмкүн. |
| **Төртүнчү деңгээл:**<br>**Окуудан чыгарууга алып келген туура эмес жүрүм-турум.** | |
| Окуучуга кол салуу, тамеки, электрондук тамеки, баңгизат же алкоголдук ичимдиктерди колдонуу, уурулук, опузалап талап кылуу, курал-жарак же башка мыйзамсыздык олуттуу укук бузуулар үчүн окуудан четтетилүүгө сунушталат. | Узак мөөнөттүү токтотуу жана четтетүү сунушталат.<br>Камкорчулар менен милдеттүү жолугушуу.<br>Кырдаалга жараша окуучу мектептен чыгарылышы мүмкүн. |

Позитивдүү, адилеттүү жана коопсуз окуу чөйрөсүн камсыз кылуу үчүн, мектеп окуучулардын туура эмес жүрүм-турумун жоюу үчүн прогрессивдүү деңгээлдеги тартип саясатын кабыл алды.

Жогоруда каралбаган жүрүм-турум жана талаптар администрация тарабына ылайык каралат.

## ТУРУКТУУ ЧЫГАРУУ

Тартип бузууларды бир нече жолу жасаган окуучулар, зарыл эскертүүлөргө жана көрсөтмөлөргө карабастан тартип бузууларды уланта берсе, мектептен чыгарылат.

## КЕМСИНТҮҮ

Окуучуларды кордоо, кемсинтүү, куугунтуктоо, четтетүү ж.б.у.с. жасаган окуучу окуудан убактылуу четтетүү же биротоло чыгарууну кошкондо кесепеттери күчөйт. Бардык окуучуларды коргоо мектеп үчүн эң маанилүү.

## КИБЕР КЕМСИНТҮҮ

Төмөндө интернет, электрондук почта, заматта тексттик билдирүүлөр, веб-блогдор, телефон камералары, видеокамералар, подкасттар, социалдык тармак сайттары жана башка электрондук технологиялар сыяктуу кибербуллинг үчүн колдонулган инструменттер каралат, алар окуучуларга конструктивдүү жана чыгармачылык жолдор менен баарлашууга мүмкүндүк берет. Эгерде окуучулар мектепте жана/же сабактан тышкаркы убакта коомго каршы иш-аракеттерди жасаса, мындай иш-аракеттер жамааттын айрым мүчөсүнө терс таасирин тийгизет; окуучулар тобу жана/же билим берүү чөйрөсү, мындай иш-чаралар мектеп чөйрөсүнө зыян келтирет жана мектептин жүрүм-турум кодексин олуттуу бузуунун булагы болуп саналат. Кибер кемсинтүү менен алектенген окуучулар мектептен убактылуу токтотуу, мектептен тышкаркы окууларды токтотуу жана/же четтетүү сыяктуу кесепеттерге дуушар болушат. Тартип бузуулар улана берсе, мектептен чыгарылат.

## УУРУЛУК / УУРДОО

“Маариф” билим берүү комплекси окуучулардын жана мектеп кызматкерлеринин мүлкүн урматтоого бекем ишенет. Окуучунун уурулук кылганына негиздүү шек болсо, мектеп ата-эненин уруксаты менен аны физикалык жактан, анын сумкасын жана шкафын тинтүүгө укуктуу. Уурулук ыктымалдыгын жокко чыгарыш үчүн администрация окуучуларды мектепке кымбат баалуу

саттарды же электрондук жабдууларды, чоң суммадагы акчаларды жана кымбат баалуу зер буюмдарды алып келбөөгө чакырат, анткени бул буюмдар эң көп уурдалган объектилер болуп саналат. Уурдоо "3-деңгээлдеги" кылмыш болуп эсептелет жана биздин прогрессивдүү тартип саясатыбызга ылайык каралат. Уурдалган объектилердин толук ордун толтуруу кадимки класска кайтканга чейин жана камкорчулар менен жолугушуудан кийин гана талап кылынат.

## ПЛАГИАТ

Башка бирөөнүн идеяларын, эмгегин же жазгандарын алып, аларды өзүнүкү катары, анын ичинде интернеттен тийиштүү шилтемесиз көрсөтүү. Мугалим окуучуга маалыматты кантип колдонууну көрсөтөт. Ошондой эле окуучулар маалыматтын булагына туура баа берүү үчүн библиографиялык цитаталарды колдонууну үйрөнөт. Башталгыч класс окуучуларына төмөндөгүлөр үйрөтүлөт:

- Алардын ишине ээлик кылуу;
- Өзүнө таандык болбогон кандайдыр бир ишти же идеяны моюнга алуу.

## КОМПЬЮТЕР ЖАНА ИНТЕРНЕТ КЕПИЛДИГИ БОЮНЧА НУСКАМАЛАР

«Маариф» билим берүү комплекси комплекстүү технологиялык программаны сунуштагандыктан, окуучулар көбүнчө аудио, видео, блог, подкастинг жана башка технологияларды изилдөөгө негизделген долбоорлорду даярдоо менен алектенишет. Профессордук курамдын каалоосу боюнча жана тапшырылган окуу ишин бүтүрүүдө бардык жазууга жол берилет. Окуучулардын, окутуучулардын же мектеп сайтынын башка бардык жазуулары жетекчилердин макулдугун талап кылат. Окуучулар жашы жете элек болгондуктан, алардын аудио жана видео долбоорлору мектептин жана окуучулардын камкорчуларынын уруксатысыз коомдук доменде же интернетте жарыяланышы мүмкүн эмес. Окуучуларды же мектеп кампусун уруксатсыз видеого тартуу чоң мыйзам бузуу болуп саналат.

## БААРЛАШУУ САЯСАТЫ

Мугалимдер менен камкорчулардын ортосундагы байланыш мектептин электрондук тиркемеси аркылуу орун алышы мүмкүн. Өзгөчө кырдаалдарда же

башка маалыматтык максаттарда мугалимдер телефон чалуу аркылуу ата-энелер жана камкорчулар менен байланыша алышат.

Окуучулардын окуусу, же жетишкендиктеринин кайсы бир аспектилери боюнча суроолор, же кооптонуулар биринчи кезекте класс жетекчисине берилет.

Ата-энелер мектеп менен байланышууну кааласа, кабылдамадан же мектеп сайтындагы тиешелүү форма аркылуу жолугушууга жазыла алышат.

Мугалимдер:

Ар бир мугалимдин эң негизги милдети – күн сайын окуучуларды окутуу жана көзөмөлдөө. Ушул себептен улам, мугалим бардык электрондук каттарга жана телефон чалууларга жооп берүү үчүн толук 24 саатка чейин талап кылынышы мүмкүн.

**Окуучулар талап кылынган эрежелерге баш ийүүсү милдеттендирилет.**

## МЕДИЦИНАЛЫК КЫЗМАТ

Балдардын ден соолугу мектеп үчүн абдан маанилүү болгондуктан, ата-энелерден алардын ден соолугуна байланыштуу болуп жаткан окуялар тууралуу мектепке дайыма маалымат берип турууларын күтүлөт. Өзгөчө ар кандай аллергиясы бар же өнөкөт оорулары бар окуучулар ата-энелеринен керектүү документтер менен дарыгерге кабарлоосу талап кылынат. Окуучудан билим берүү процессинде максималдуу эффективдүүлүктү алуу үчүн керектүү документтерди өз убагында дарыгерге жеткирүү керек.Мектеп дарыгерине барышы керек болгон окуучу, барардын алдында биринчи кезекте өзүнүн класс жетекчисине кайрылышы керек. Окуучу оорусуна байланыштуу үйгө кайтуу керек болгон учурда, же өзгөчө кырдаал болгон учурда камкорчуларга кабарланат.

**Үч же андан көп күн сабакка келбеген же жугуштуу ооруга, катуу ооруга же кырсыкка кабылган окуучулар кайтып келген күнү дарыгердин корутундусу менен келип, мектеп дарыгерине билдирүүгө милдеттүү.**

## ОКУУ КҮНҮНДӨГҮ ООРУ ЖЕ ЖАРАКАТ

Окуучу окуу күнү катуу ооруп калса, камкорчу менен байланышып, окуучуну мүмкүн болушунча тезирээк алып кетүүнү суранышат. Эгерде жаракат же оору оор же өмүрүнө коркунуч туудурса, окуучуну ооруканага жеткирүү үчүн тез жардам

кызматы чакырылат. Мектепте кырсык болгон учурда же жаракат алган учурда мектеп кырсыгынын актысы түзүлүп, камкорчуларга берилет.

## ДАРЫ-ДАРМЕКТЕР

Дары-дармектер өтө муктаждык болгон учурда гана окуучунун талабынын негизинде эмес, өткөрүлгөн диагностика негизинде берилет. Мектеп дарыгери бардык дарыларды башкаруу үчүн жооптуу болот.

Дары-дармектер мектепке камкорчу тарабынан жеткирилиши керек. ДАРЫЛАРДЫ рюкзактарга салууга болбойт. Дары-дармектер түп нуска идиште болушу керек (дарыканалар суроо-талабы боюнча мектепте колдонуу үчүн дубликат контейнер беришет). Окуучуга дары-дармек берүүдөн мурун дарыгер тарабынан ата-эне менен сүйлөшүү милдеттендирилет.

**Маанилүү эскертүү:**

**Өзгөчө кырдаал болгон учурда, камкорчу, окуу убагында жана/же мектептен кийинки иш-чаралар учурунда байланышуу үчүн жеткиликтүү болушу керек.**

## БУЛ ӨЗГӨЧӨ ЭРЕЖЕ

- Астмасы же катуу аллергиялык реакциясы бар окуучуларга тез жардам берүү үчүн керектүү ингаляторду же дары-дармектерди алып жүрүгөө уруксаты болушу мүмкүн.
- Кант диабети менен ооруган окуучу инсулинди атайын шприц менен алып жүрөт.

## ТУУЛГАН КҮН САЯСАТЫ

Туулган күндөрдү мектептен тышкары белгилеш керек.

## МУГАЛИМДЕРГЕ БЕЛЕК

Мүмкүн болгон түшүнбөстүктү болтурбоо үчүн окуучулар тарабынан мугалимдерге белек берүү сунушталбайт.

## ТЕЛЕФОНДОР

Окуучулардын телефондорун мектепте өзгөчө кырдаал болбосо колдонууга тыюу салынат. Класс жетекчилер телефондорду эртең мененки чакыруу убагында (8:00) чогултуп, (17:05) кайтарып беришет.

## КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

1. Ушул эрежелерди жана мектептин Уставын бузгандыгы үчүн окуучуларга мектептин уставында каралган тартиптик чаралар колдонулат.

2. Мектептин Уставынын жана ушул эрежелердин талаптарын одоно жана бир нече ирет кайталап бузгандыгы үчүн окуучу мектептен чыгарылышы мүмкүн.

3. Бул саясат мектептен тышкаркы бардык иш-чараларга колдонулат.

4. Бул эрежелер мектептин электрондук тиркемеси аркылуу ата-энелерге жеткирилет.

5. Бул саясат мектеп администрациясы тарабынан мезгил-мезгили менен жаңыртылышы мүмкүн.